КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Жергиликтүү кеңешинин

ТОКТОМУ

"05" 10 2026-ж № 203 **Кызыл-Суу айылы**

Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизип пайдалануу жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин VI бөлүгүнүн, 8-главасындагы "Бюджет аралык мамилелердин жалпы жоболору жана принциптери", 44-беренесинин 4-пунктуна ылайык, айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновдун сунушун угуп, талкуулап жергиликтүү кеңештин сессиясы **токтом кылат:**

1.Кызыл-Суу айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн 2026-жылга каралган жергиликтүү бюджетинин кирешелер жана чыгашалар бөлүгү Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин VI бөлүгүнүн, 8-главасынын, 44-беренесине ылайык, 2026-жылдын 9 айынын жыйынтыгы менен кирешелердин чыгашалардан ашык түшкөн төмөнкү акча каражаттарынын суммасына көбөйтүлсүн:

- Бюджеттик ссуданы жабуудан түшкөн - 2900,0 мин сом
- Роялтиден ашык түшкөн -525,3 мин сом
- Айыл чарба багытына кирбеген жерлердин жер салыгынан ашык түшкөн - 481,3 мин сом
- Айыл чарба продуктуларын сатуудан түшкөн -511,7 мин сом

Баардыгы ашык түшкөн: 4418,3 мин сом

Төмөнкү бөлүмдөрдү каржылоо үчүн киреше жана чыгаша бөлүмдөрүнүн планын көбөйтүп берүү жагы Кыргыз Республикасынын Каржы Министрлигинин Жеты-Огуз райондук башкармалыгынан суралсын.

№	Иш чаралар	Функционалдык квалификация	Элементтер	Суммасы миң сом
1	"ЖКХ" тармагындагы ар кандай жумуштарды, муниципалдык тапшырыктарды, башка кызмат көрсөтүүлөрдү аткарууга	70629 "ЖКХ"	22154900	4418,0
	Баардыгы:			**4418,0**

2.Айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго жана социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы Ж.Тохтакуновага бөлүнгөн акча каражаттарын максаттуу чыгымдоо жагы милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин караштуу мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веп сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестирге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып берүү жагы жергиликтүү кеңешинин жоопту катчысы А.Ташбаевага тапшырылсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңешинин бюджет жана финансы маселелер боюнча туруктуу комисияссына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**